КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин І-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын №1-ТОКТОМУ

08.08.2024-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2024-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын 6(алты) айлык отчётун угуу жана 2024-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, 115-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновдун Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2024-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын 6(алты) айлык отчетун жана Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2024-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө маалыматын угуп, жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарынын мэри Т. Осмоновдун Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2024-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын 6(алты) айлык отчёту канааттандырарлык деп табылсын.

2. Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2024-жылдын экинчи жарым жылдыгына карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү төмөндөгүдөй бекитилсин.

Иштетилбей калган жана үнөмдөлгөн акча каражаттары 12010,9 миң сом жана максаттуу трансферт 3294,2 миң сом жалпысы болуп 15305,1 миң сом түшкөн акча каражаты чыгаша бөлүгүнө отургузулсун:

а) Нышанбаев мектебине бала бакча куруруга реконструкциялоо үчүн 300,0 миң сом.
б) Фонддор менен иштөө үчүн 217,9 миң сом.
в) Суу тосмоону коргоого (кароол) эмгек акысы үчүн 1056,0 миң сом.
г) Максаттуу трансферт (Базар Коргон шаарынын генпланы) үчүн 3294,2 миң сом.
д) Тазалык ишканасынын төлөө жыйноочуунун (контролер) эмгек акысы аз болгондугуна байланыштуу 20% пайыздан 25% пайызга көтөрүп берүү үчүн макулдук берүү.
ж) Базар Коргон шаарына караштуу Совет айылындагы Ленин көчөсүнүн селден

жабыркаган тургундары үчүн 110,0 миң сом (Мамасыдыков Руслан 50,0 миң сом, Жапаров Максытали 30,0 миң сом Камбаров Малик 30,0 миң сом).

з)Сууканал ишканасына субсидияга 100,0 миң сом (№39 Акылай балдар бакчасынын слив, канализация) ремонттоо үчүн.

и) Спортко бөлүнгөн акча каражатынан Бокс аренасын (ринг) сатып алуу үчүн 150,0 миң сом.

й) Тазалык ишканасына өз каражатынан техника сатып алуу үчүн макулдук беруу (2 муравей,2 скутер).

к) А.Текебаев атындагы борбордук стадионго өрт коопсуздугун сактоо үчүн 80,0 миң сом.

л) Аксакалдар сотуна 20,0 миң сом.

м) Муниципиалдык менчикти башкаруу департаменти ишканасына жаңы имарат куруу үчүн 900,0 миң сом.

н) Совет МАБ башкармалыгына ар ай үчүн 100 литр бензин бөлүп берүү.

о) Базар-Коргон шаар мэриясынын счетунан Капиталдык курулуш департаментине 2000,0 миң сом акча каражатын жылдырып берүү.

п) Капиталдык курулуш департаментинин 2024-жылдын биринчи алты айлыкка карата үнөмдөлгөн 913,1 миң сом акча каражатын мекемедеги зарылчылыктарга байланыштуу жумшоого уруксат берүү.

р) Капиталдык курулуш департаментинин 2024-жылдын башында учурдагы ремонтко бөлүнгөн 6163,9 миң сом акча каражаты туура эмес элементке отургузулуп калгандыгына байланштуу, жогорудагы акча каражатты курулуш куруу элементине жылдырылсын.

с) Бала бакчалардан, мектептерден чыккан курулуш материалдарын жакыр үй бүлөлөргө бөлүп берүү.

т) Жайыттан түшкөн 6 айлык акча каражатын субсидия катары Айыл чарба муниципалдык ишканасына (бөлүнүп чыккандыгына байланыштуу) жылдырып берүү.

у) Электро чубалгы, темир мамыча, трансформатор сатып алуу үчүн.

ф) Беш-Бадам айылындагы суу сактагычын оңдоп түздөөгө 2023-жылдын 6 айлык бюджетинде каралып болжолдуу сметасы даярдалып порталга чыгып тилеке каршы техникалык катачылыка байланыштуу аткарылбай калган 2024-жылдын аягына чейин оңдотулуп түздөтүлүп бүтүрүлсүн.

х) “Айыл чарба муниципалдык” ишканасынын бюджеттик каражаттар боюнча кирешелер жана чыгашалардын сметасы 2024-жылга карата бекитилсин.

ц) Базар-Коргон шаар мэриясынын 2024-жылкы жергиликтүү бюджетинин үнөмдөлгөн акча каражаттары Базар-Коргон шаар мэриясы тарабынан керектүү көйгөйлүү чыгымдарга бекитилсин.

3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын №2 -ТОКТОМУ

08.08.2024-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2024-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, 115-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна ылайык, Базар-Коргон шаарынын депутаттарынын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясы **токтом кылат :**

**1**. Базар-Коргон шаар мэриясынын ФЭБнун башчысынын берген билдирүүсүнүн негизинде 2024-жылдын II-жарым жылдыгына карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.

а) 70111-разделдин 2215-статьясына -976,0миң сомго
б) 70111-разделдин 3111-статьясына -1100,0миң сомго
в) 70443-разделдин 2221-статьясына -7077,8миң сомго
г) 70629 -разделдин 2214-статьясына -257,0миң сомго
д) 70629 -разделдин 2223-статьясына -260,0миң сомго
ж) 70629 -разделдин 3112-статьясына -266,0миң сомго
з) 70629 -разделдин 3112-статьясына -1000,0миң сомго

Жалпысы болуп 10936,8 миң миц сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтеринен кыскартылсын.

а) 70443-разделдин 2111-статьясына +658,0миң сомго
б) 70443-разделдин 2121-статьясына +66,6миң сомго
в) 70443-разделдин 2215-статьясына +2000,0миң сомго
г) 70443-разделдин 3111-статьясына +6130,2миң сомго
д) 70443-разделдин 3112-статьясына +223,0миң сомго
ж) 70629-разделдин 2511-статьясына +600,0миң сомго
з) 70629-разделдин 3111-статьясына +400,0миң сомго
и) 70629-разделдин 2222-статьясына +257,0миң сомго
й) 70629-разделдин 3111-статьясына +466,8миң сомго
к) 70629-разделдин 3113-статьясына +59,2миң сомго
л) 70629-разделдин 2214-статьясына +76,0миң сомго

Жалпысы болуп 10936,8 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика,ишкердикти колдоо, транспорт,стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын**
**№3 -ТОКТОМУ**

08.08.2024-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2024-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесин, 115-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун аткарууга алуу менен, Базар-Коргон шаардык кенешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна ылайык, Базар-Коргон шаарынын депутаттарынын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII- сессиясы **токтом кылат :**

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын берген билдирүүсүнүн негизинде 2024-жылдын экинчи жарым жылдыгына карата жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.

   а) Максаттуу трансферт +3294,2 миң сом

   б) 70111-разделдин 2215-статьясына +3294,2 миң сомго

Жалпысы болуп +3294,2 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XXXIII-сессиясынын**
**№4 -ТОКТОМУ**

08.08.2024-ж. Базар-Коргон шаары

“Тазалык”, “Көрктөндүрүү, жашылдандыруу чарбасы”, “Айыл чарба” муниципалдык ишканаларынын прейскурантын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктун, 34-беренесинин 2-пунктун аткарууга алып, шаардык кеңештин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. “Тазалык”, “Көрктөндүрүү, жашылдандыруу чарбасы”, “Айыл чарба” муниципалдык ишканаларынын тарифтердин наркы тиркемелерге ылайык бекитилсин. Тиркелет: №1-тиркеме, №2-тиркеме, №3-тиркеме.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриянын алдындагы “Тазалык”, “Көрктөндүрүү жашылдандыруу чарбасы”, “Айыл чарба” муниципалдык ишканаларынын жетекчилерине жүктөлсүн.
3. Аталгантоктом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш артуу боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

№1-тиркеме

**“БЕКИТИЛДИ”**

Базар-Коргон шаардык
кеңешинин I – чакырылышынын
кезектеги XXXIII - сессиясынын
№4 токтому менен
08.08.2024-жыл
**Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы**
**____________К.Анарбеков**

**“БЕКИТЕМИН”**

Базар-Коргон шаарынын мэри
**_____________Т.Осмонов**

“___”___________2024ж.

“Көрктөндүрүү, жашылдандыруу чарбасы” ишканасынын балансында турган “Автовышка” атайын техникасынын кызмат көрсөтүү баасынын (тарифинин)

## ПРЕЙСКУРАНТЫ

| № | Кызматтын түрү | Өлчөө бирдиги | Саны | Баасы (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Баннер монтаждоо | 6м * 3м | 1 | 1350 |
| 2 | Баннер монтаждоо | 18м * 3м | 1 | 1860 |
| 3 | Лозунг монтаждоо | | 1 | 1470 |
| 4 | Баннер демонтаждоо | 6м * 3м | 1 | 1100 |
| 5 | Баннер демонтаждоо | 18м * 3м | 1 | 1300 |
| 6 | Лозунг демонтаждоо | | 1 | 1160 |
| 7 | Прожектор орнотуу | | 1 | 300 |

“Көрктөндүрүү, жашылдандыруу чарбасы”
ишканасынын жетекчиси М.Э. Бердикулов

№2-тиркеме

**“БЕКИТИЛДИ”**

Базар-Коргон шаардык
кеңешинин I – чакырылышынын
кезектеги XXXIII - сессиясынын
№4 токтому менен
08.08.2024-жыл
**Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы**
**____________К.Анарбеков**

**“БЕКИТЕМИН”**

Базар-Коргон шаарынын мэри
**_____________Т.Осмонов**

“___”___________2024ж.

“Тазалык” муниципалдык ишканасынын балансында турган (Камаз самосвал, Газ 53, Фронтальный погрузчик) атайын техникаларынын кызмат көрсөтүү бааларынын (тарифтеринин)

**ПРЕЙСКУРАНТЫ**

| № | Атайын техникалар кызмат көрсөтүүсү | Өлчөө бирдиги | Саны | Баасы (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Камаз самосвал | рейс | 1 | 1770 |
| 2 | Газ 53 | рейс | 1 | 1300 |
| 3 | Фронтальный погрузчик | саат | 1 | 2353 |

“Тазалык” муниципалдык
ишканасынын жетекчиси Э. Нуркамилов

№3-тиркеме

**“БЕКИТИЛДИ”**

Базар-Коргон шаардык
кеңешинин I – чакырылышынын
кезектеги XXXIII - сессиясынын
№4 токтому менен
08.08.2024-жыл
**Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы**
**____________К.Анарбеков**

**“БЕКИТЕМИН”**

Базар-Коргон шаарынын мэри
_____________**Т.Осмонов**

“___”___________2024ж.

“Айыл чарба” муниципалдык ишканасынын ишин натыйжалуу уюштуруу максатында 2025-жылга карата иш мерчемин түзүү үчүн жайыт жана суу пайдалануу (тарифтеринин)

## ПРЕЙСКУРАНТЫ

| № | Кызматтын түрү | Өлчөө бирдиги | Саны | Баасы (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Шарттуу малдын башы (ШМБ) | 1 га | 1 | 300 |
| 2 | Жайытты башка максатта пайдалануу үчүн | 1 га | 1 | 1500 |
| 3 | Пахта | 1 га | 1 | 1600 |
| 4 | Тамеки | 1 га | 1 | 1000 |
| 5 | Беде | 1 га | 1 | 1600 |
| 6 | Жүгөрү | 1 га | 1 | 2000 |
| 7 | Жашылча | 1 га | 1 | 3600 |
| 8 | Буудай | 1 га | 1 | 1600 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Тамарка | 1 га | 1 | 100 |
| 10 | Пияз | 1 га | 1 | 4500 |
| 11 | Шаалы | 1 га | 1 | 6500 |
| 12 | Бак-Дарак | 1 га | 1 | 1500 |
| 13 | Бахчевые | 1 га | 1 | 2500 |
| 14 | Семечка | 1 га | 1 | 1500 |

“Айыл чарба” муниципалдык
ишканасынын жетекчиси Б. Көчөров

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын №5 -ТОКТОМУ

08.08.2024-жыл                                                    Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаарынын жергиликтүү жамаатынын (коомдоштугунун) Уставын бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 21-бсренесин аткарууга алып, 02.08.2024-жылкы чыгыш №01-17/192 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII -сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын жергиликтүү жамаатынын (коомдоштугунун) Уставы бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага**                                                    **К.К. Анарбеков**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын №6 -ТОКТОМУ

08.08.2024-ж. Базар-Коргон шаары

“Айыл чарба” муниципалдык ишканасынын карамагындагы “Мурап” жана “Оби хаёт” Суу пайдалануучулар ассоцияларынын (СПА) ички чарбалык каналдарын жана ээси жок ирригациялык системаларды Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктун, 34-беренесинин 2-пунктун аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун 05.08.2024-жылкы чыгыш 01-17/194 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. “Айыл чарба” муниципалдык ишканасынын карамагындагы “Мурап” жана “Оби хаёт” Суу пайдалануучулар ассоцияларынын (СПА) ички чарбалык каналдарын жана ээси жок ирригациялык системаларды Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталгантоктом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

08.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII -сессиясынын №7 -ТОКТОМУ**

Совет айылындагы маданият үйүнө обончу, аткаруучу Аскар Ураимовдун атын коюу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августунда №467 сандуу токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эске алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобонун 10,11,12-пункттарын аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын вице-мэри Ш.Сагыновдун 28.05.2024-жылкы чыгыш 01-17/843 сандуу сунушуна жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII – сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарында жайгашкан Совет айылындагы Бабаш-Ата маданият үйүнө Ураимов Аскардын атын коюга макулдук берилсин.
2. Базар-Коргон шаарына караштуу Совет айылындагы Бабаш-Ата маданият үйүнө Ураимов Аскардын атын коюп берүүгө кеткен материалдык чыгымды эсептөө жагы мэрия кызматкерлерине милдеттендирилсин.
3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

08.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XXXIII -сессиясынын**
**№8-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарындагы №22 Алтын-Бешик, №37 Икбол, №8 Т.Мамажанова, №11 Гулнара, №49 Алтын балалык, №12 Назик балдар бакчаларына кошумча бирден тайпа ачып берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 27-беренесин, 29-беренесинин 6-пунктун, Өкмөттүк акселератор программасынын ”Кыргыз Республикасында мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөгү тоскоолдуктарды кыскартуу жана балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну жогорулатуу” программасын аткарууга алып, Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновдун каттарына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул, маданият, коомдук уюмдар, жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундуларына негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII -сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарындагы №22 Алтын-Бешик, №37 Икбол, №8 Т.Мамажанова, №11 Гулнара, №49 Алтын балалык, №12 Назик балдар бакчаларына кошумча бирден тайпа ачууга макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул, маданият, коомдук уюмдар, жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Абдурахмановго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын №9 -ТОКТОМУ

08.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

### Базар-Коргон шаар аймагындагы бош жана кароосуз жаткан жер аянтарды мэриянын муниципиалдык менчик реестрине киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, 45-беренесинин 1-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 9-беренесинин 3-пунктун аткарууга алып, Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновдун каттарына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар аймагындагы бош жана кароосуз жаткан жер тилкелерин жана аянттарын мэриянын муниципиалдык менчик реестрине тиркемелерге ылайык киргизилсин. Тиркеме №1, Тиркеме №2 тиркелет.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу муниципиалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын №10-ТОКТОМУ

08.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

### Мамлекеттик менчикте турган, аянты 3632,0 чарчы метр участогун Базар-Коргон шаарынын мэриясынын муниципиалдык менчик реестрине киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, 45-беренесинин 1-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 9-беренесинин 3-пунктун, Кыргыз Республикасынын Министлер Кабинетинин 26-июль 2024-жылдагы №425 сандуу токтомун аткарууга алып, Базар-Коргон шаар мэринин орун басары Ш.Сагыновдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарында жайгашкан (идентификациялык код 3-02-02-0008-0319), мамлекеттик менчикте турган, аянты 3632,0 чарчы метр участогун Базар-Коргон шаар мэриясынын муниципиалдык менчигине автомобиль жолун куруу үчүн белгиленген тартипте өткөрүп берүүгө жана жер участогун муниципалдык менчикке кабыл алууга тиркемеге ылайык макулдук берилсин. Тиркеме №3 тиркелет.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу муниципиалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын №11 -ТОКТОМУ

08.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар аймагындагы жеке менчик жер аянтарынын багытын өзгөртүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 12-беренеси, 18-беренелерин аткарууга алып, Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмонов, Базар-Коргон шаар мэринин орун басары Т.Исаевдин каттарына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын М.Сулайманов көчөсүндөгү К.Шергазиевага таандык 540,0 чарчы метр турак жай багытындагы там аркасын коммерциялык багытындагы объектик курулушуна (сода дүкөн) курууга өзгөртүп берүүгө жана Б.Осмонов көчөсүнүн тургуну Б.Мадаминовго таандык дареги боюнча жайгашкан административдик имарат алдындагы жер аянты 1811,0 чарчы метрди түзгөн жер тилкесин турак жай багытындагы объектилердин курулушуна өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу муниципиалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясынын №12 -ТОКТОМУ

08.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаарынын калктуу конуштарынын ички жолдорунун кызыл сызыгын аныктап берүү жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын аймагындагы шаарларда, калктуу конуштарда кызыл жана башка сызыктарды долбоорлоо жана белгилөө тартиби” жөнүндөгү Жобосунун 4.2. жана 4.6. пунктарын аткарууга алып, Кыргыз Репубикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлундагы №372 сандуу 2016-2025-жылдарга жол тармагын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын бектиүү жөнүндө токтомунун 1-таблицасына ылайык, 02.08.2024-жылкы чыгыш №01-17/192 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII -сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын калктуу конуштарынын ички жолдорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлундагы №372 сандуу 2016-2025-жылдарга жол тармагын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын бекитүү жөнүндө токтомунун 1-таблицасына ылайык V-категорияда белгиленген туурасы 12 метр автожолдордун категориясына өткөрүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталгантоктом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

08.08.2024-жыл Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII -сессиясынын №13-ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаарынын А.Текебаев көчөсүндөгү 1.26 гектар автоуналар токтоочу жайдын (Парковканын) жер тилкесинин тегерегинен 3500.0 чарчы метр жер тилкесин соода сатык жүргүзүү багытына өзгөртүү киргизүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 12-,18-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2023-жылдын 31-майындагы №27-4136 “Кыргыз Республикасынгндагы шаарлардын, айылдардын, калктуу конуштардын ички жана сырткы келбетин иретке келтирүү, облустук, райондук шаарлардын көчөлөрүн боюнда мыйзамсыз орун алган ар кандай объектилерди соода сатык түйүндөрүн алып таштоо боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү боюнча тапшырмасын аткарууга алып, Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевдин 05.08.2024-жылкы чыгыш 01-7/69 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин “Укук жана мыйзамдуулук, архитектуралык курулуш” боюнча туруктуу комиссиянын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII – сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын А.Текебаев көчөсүндөгү 1.26 гектар автоуналар токтоочу жайдын (парковканын) жер тилкесинин тегерегинен 3500.0 чарчы метр жер тилкесин соода сатык жүргүзүү багытына өзгөртүү киргизүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын
кезектеги XXXIII-сессиясынын
№14 -ТОКТОМУ**

08.08.2024-ж. Базар-Коргон шаары

“Айыл чарба” муниципалдык ишканасынын штаттык бирдигине кошумча акы төлөп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27,34,65-беренелерин аткарууга алып, “Айыл чарба” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Б.Көчөровтун 05.07.2024-жылкы чыгыш №2 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика,ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын кортундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXXIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. “Айыл чарба” муниципалдык ишканасынын штаттык эмгек акылары аз болгондуктан кошумча акы (тамак аш, жол акы үчүн) төлөнүп берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриянын алдындагы “Айыл чарба” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Б.Көчөровго жүктөлсүн.
3. Аталгантоктом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий bazarkorgonmeriya.gov.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш артуу боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**